| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>КӨК-МОЙНОК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КОК-МОЙНОКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

---

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын "_29__" марты _____№_9 __ Ак-Өлөң айылы.

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ЖОБОсу жөнүндө**

Көк- Мойнок айыл өкмөтүнүн юрист кызматкери А. Кыдырмаеванын сунушун угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айылдык аймактын айыл өкмөтүнүн ЖОБОсу тиркеме 1ге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомду Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына тапшырылсын.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **К. А. Мамытбаев**

Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 29-мартындагы №9 токтому менен кабыл алынган

# Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн

# ЖОБОСУ

2023-жыл Ак-Өлөң айылы

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн**
**Ж О Б О С У**

I. Жалпы жоболор
II. Айыл өкмөтүнүн структурасы
III. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы
IV. Айыл өкмөтүнүн негизги функциялары
V. Айыл өкмөтүнүн башчысы
VI. Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары
VII. Айыл башчысы
VIII. Айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык негиздери
IX. Айыл өкмөтү жөнүндө жобосуна толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби
X. Айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын токтото туруу

## I. Жалпы жоболор

1.1. Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтү (мындан ары –айыл өкмөтү)-жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын чечимдерин даярдоону жана аткарууну камсыз кылуу үчүн түзүлгөн орган. Айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ишке ашыруучу, ошондой эле аймактын жашоо тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин уюштуруу жана өнүктүрүү социалдык экономикалык пландаштыруу жана калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүүчү орган болуп эсептелинет.

1.2. Айыл өкмөтү бир айыл кеңеши- бир айыл өкмөтү принцибинде түзүлөт.

1.3 Айыл өкмөтү өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, Президенттин Жарлыктарын, Министрлер Кабинентинин токтомдорун, жергиликтүү кенештин чечимдерин, мамлекеттик админинстрациясынын чечимдерин жана ушул Жобону жетекчиликке алат. Айыл өкмөтү мамлекеттик бийлик органдары менен тыгыз өз ара аракеттенүүдө иштейт, Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө болгон конституциялык укуктарды жүзөгө ашырууга шарт түзөт.

1.4. Айыл өкмөтү өзүнүн ишин жергиликтүү жаамат, коомдук уюмдар менен тыгыз байланышта жүргүзүп, жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдөгү Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдикке алынган укугун жана чыныгы жөндөмдөлгөн ишке ашырууну камсыз кылат.

1.5. Айыл өкмөтү өзүнүн ишмердүүлүгүн төмөндөгү принциптерде ишке ашырат:

- Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын ажырымдоонун;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттеринин жергиликтүү -жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;
- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо;
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;
- жергиликтүү жааматтардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;
- коомдук ой пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы;
- тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулук, эркин талкуулоо.

1.6 Айыл өкмөтү юридикалык жак болуп эсептелинет, гербдүү мөөрү, тийиштүү штамптары болот.
1.7. Айыл өкмөтү өзүнүн уюштуруу-укуктук формасы-мекеме
1.8 Мекеменин толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде "Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемеси;
- расмий тилде -Учереждение "Айыл окмот Кок-Мойнокского айылного аймака".

1.9. Мекеменин кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде -"Көк-Мойнок АА АӨ" М-е;
- расмий тилде-У-е "АО Кок Мойнокского АА";

1.10. Айыл өкмөтүнүн жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Тоң району, Ак-Өлөн айылы, Арыкбай көчөсү №4.
1.11. Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтү өзүнө тиешелүү символикага (герб, гимн, желек) ээ.

## II. Айыл өкмөтүнүн структурасы

2.1. Айыл өкмөтүнүн струтурасы, штаттык саны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабиненти тарабынан аныкталып бекитилет.
2.2. Айыл өкмөтү айыл өкмөтүнүн башчысынан, анын орун басарынан жана айыл өкмөтүнүн аппаратындагы муниципалдык кызматкерлерден, айыл башчыларынан турат.
2.3. Айыл өкмөтүнүн аппараты айыл Кенештин депутаттарына өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторун даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтөт.
2.4. Айыл өкмөтү өзүнүн ишинде тийиштүү айыл Кеңешине, ал эми өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктары боюнча тийиштүү мамлекттик органдарга отчет берет.
2.5. Өзүнчө жашашкан калктуу конуштардын жергиликтүү маанидеги маселелерин оперативдүү чечүүнү уюштуруу максатында айыл Кеңешинин чечими боюна айыл башчысынын кызмат орду киргизилиши мүмкүн.
2.6. Айыл өкмөтү өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча кабыл алган чечимдерге айыл өкмөтүнүн башчысы кол коет.
2.7. Айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарган актылары тийиштүү аймакта милдеттүү түрдө аткарууга тийиш.
2.8. Жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарына жана милдеттерине тиешелүү айыл өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирет.

## III. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы

3.1. Айыл өкмөтү:

- Аймакты социалдык экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорун иштеп чыгат жана алар айыл Кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аткарылышын камсыз кылат;
- жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат, ал айыл Кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аны аткарат;
- тарыхтын, ахитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чаралады иштеп чыгат, жүзөгө ашырат;
- ишканаларды менчиктештирүүдө жана айыл өкмөтүнүн балансына социалдык маданий-тиричилик жана чарбалык маанидеги обьектилерди жана алардын иштешине зарыл жабдуу-шайманды өткөрүп берүүгө катышат;
- турак жай фондун, турак жай коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты абат кылуу боюнча иш чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат;

- мунуципалдык менчикте турган жерлерди, ошондой эле айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, жүзөгө ашырат;
- жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана четтетүү, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш чараларды жүзөгө ашырат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дагы башка иш чараларды жүзөгө ашырат;
- аймакка курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, сакталышына контролду ишке ашырат;
- жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана четтетүү, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш чараларды жүзөгө ашырат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дагы башка иш-чараларды жүзөгө ашырат.

## IV. Айыл өкмөтүнүн негизги функциялары

4.1. Аймактын жашоо турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн айыл Өкмөтүнүн карамагына төмөнкү маселелери таандык кылынат:

- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ички суу менен жабдуу;
- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- мунципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
- жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый жетишкендиктерди сактоо;
- жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
- жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
- тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;
- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;

- дене тарбиясын жана массалык спорту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;
- Кыргыз Республикасынын жер казынасыан пайдалануу жөнүндө мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына таандык кылынган кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

4.2. Айыл өкмөтүнүн айрым мамлекттик укуктар таандык кылынышы.
4.3. Айыл өкмөтүнүн айрым мамлекттик ыйгарым укуктарды берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун шарттарын зарыл болгон мамлекеттик жана каржылык каражаттар менен бир эле убакта мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилеп, мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат.
4.4. Мамлекеттик бийлик органдары менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы келишимдин негизинде малекттик ыйгарым укуктар берилген учурда келишимдин шарттары тиешелүү айылдык кенеш тарабынан бекитилүүгө тийиш.
4.5. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө мамлекет бир эле убакта мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди караган же берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка каржылоо булактарын аныктаган учурда гана жол берилет.
4.6.Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча айыл өкмөтү мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдарына отчет берет.
4.7. Айыл өкмөтүнүн берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекттик ыйгарым укуктарга төмөнкүлөр кирет:
1. калктын жумуштуулугунун жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу;
2. жарандардын эсебин алуу каттоосу, паспорт режиминин эрежелерин аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, жарандарды белгиленген тартипте эсепке коюуну жана эсептен чыгаруу жүргүзүү, шайлоочулардын тизмелерин түзүү;
3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык абалдын актыларын каттоо.
4. мектептик, мектепке чейинки жана кесиптик билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар жана башка обьекттер менен камсыз кылуу;
5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нотариалдык аракеттерди жасоо;
6. жарандарга инсандык, үй-бүлөөлүк, мүлтүк абалын ырастоочу документтерди жана мыйзамдар менен каралган башка документтерди берүү;
7. аскерге милдеттүүлөрдөн жана аскерге чакыруучулардын алгачкы эсепке алынышын жүргүзүү, аларды аскердик эсепке кабыл алуу жана эсептен чыгуу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөктөшүү.
8. Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;
9. айыл чарба өндүрүшүнүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды жалпылоо, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү;
10.ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш чараларды жана мал чарбачылыкка селекциялык-асыл тукум жумуштарын өз убагында жүргүзүүнү уюштурууга көмөктөшүү;
11. айыл чарба өсүмдүктөрүн өсүмдүүлөрүнөн тепсетүүгө каршы күрөшүү, өстүрүлгөн түшүмдө токой коргоо тилкелерин жана токой массивин сактоо боюнча тиешелүү чараларды камсыз кылуу;
12. салыктарды, алымдарды жана камсыздандыруу түшүмдөрүн жыйноо;

13. курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
14. керектөөчүлөрдүн укуктрын коргоону камсыз кылуу;
15. тиешелүү аймакта жылуулук менен жабдууну уюштуруу;
16.даректөө социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөөлөрдү иликтеп билүү;
17. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте айыл жерлериндеги балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар ай сайын берилүүчү жөлөк пулга үй-бүлөлөрдүн муктаждык даражасын баштапкы аныктоо;
18. мыйзам менен белгиленген башка ыйгарым укуктар.

## V. Айыл өкмөтүнүн башчысы

5.1. Айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат орундарында жалпы 5 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызматтарда 3 жыл иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө жетектөөчү кызматта 5 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.
5.2 Айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна талапкер кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик тилди кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон көлөмдө билүүгө тийиш.
5.3.. Кыргыз Республикасынын жараны болбогон, башка мамлекеттин жарандыгына ээ болгон, тиешелүү айыл аймагында туулган, соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган же болбосо соттун чечими менен муниципалдык кызматчы катары ишти жүзөгө ашырууга же муниципалдык кызматтын кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынган, мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар адам айыл өкмөтүнүн башчысы боло албайт:
5.4 Айыл өкмөтүнүн башчысы аким тарабынан дайындалат.

5.5. Айыл өкмөтүнүн башчысы кадрлардын муниципалдык резервинде турган адамдардын ичинен дайындалат.

5.6 Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 5 жыл.

5.7 Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары кеңештин ыйгарым укуктарынын же акимди алмаштыруунун мөөнөтү менен байланышкан эмес.
5.8 Төмөнкүдөй учурларда айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызматынан аким тарабынан бошотулушу мүмкүн:

- жеке арызынын негизинде;
- мыйзамдарды, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн;
- соттун күчүнө кирген айыптоочу өкүмүнүн негизинде;
- ал сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган учурда;
- өлдү, дайынсыз жок болду деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген, ошондой эле өлгөн учурда;
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарга туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткен учурда;
- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан же чет мамлекеттин жарандыгын алган учурда;
- эмгекке таптакыр жарамсыздыгынан улам өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда;
- кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен ишенбестик билдирилген учурда;

- алардын иши кабыл алган чечимдерге жана саясий жетекчилик жүргүзүп жаткан саясатка шайкеш келбеген учурда;
- ишеним жоголгондо;
- тараптардын эркине көз каранды болбогон жагдайлар боюнча (тиешелүү мыйзамды кабыл алуу, мыйзамдарда каралган башка жагдайлар).

5.9 Айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордунан бошотулган учурда, айыл өкмөтүнүн башчысынын милдеттери айыл өкмөтүнүн жаңы башчысы дайындалганга чейин анын орун басарына жүктөлөт. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын кызмат орду жок болгон учурда башчынын милдеттерин убактылуу аткаруу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлөт.

## VI. Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары

6.1. Айыл өкмөтүнүн башчысы:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларын, кеңештин чечимдерин сактоону жана аткарууну уюштурат;
- айыл өкмөтүнүн ишине жетекчилик кылат жана анын натыйжаларына жооп берет;
- аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык коргоонун иштеп жаткан программаларынын жолун жолдоочулугун камсыз кылат же кызматка киришкен учурдан тартып 3 айдан кечиктирбестен жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууну камсыз кылат жана айылдык кеңешке бекитүүгө берет;
- айылдык кеңешке жергиликтүү бюджеттин долбоорун сунуштайт, айылдык аймактагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджетти аткаруу жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү, консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана калкты социалдык коргоо программаларын аткаруу жөнүндө жарым жылда бир жолу кеңештин алдында отчет берет;
- берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн акимдин алдында жеке жооп берет;
- мыйзамдарга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча айылдык кеңешке сунуштарды киргизет;
- мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өздөрүнүн милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызмат ордунан бошотуу жөнүндө маселе коюуга укуктуу;
- мыйзамдарга ылайык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;
- айылдык кеңештин карамагына кирген маселелерди кошпогондо, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырат;
- айылдык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуш киргизет, анын ишине катышат;
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## VII. Айыл башчы

7.1. Жергиликтүү кеңештин чечими боюнча айылдык аймакта өзүнчө жайгашкан айылдардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл башчысынын (айылдын старостасынын) кызмат орду киргизилиши мүмкүн.

7.2. Айыл башчысы калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнө, калыптанган үрп-адаттарына жана каада-салттарына таянып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын чечими менен өзүнө берилген функцияларды аткарат.

7.3. Айыл башчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчиси тарабынан тиешелүү айылдын тургундарынын жыйынынын макулдугу менен дайындалат жана муниципалдык кызматчы болуп саналат.

7.4. Эгерде тиешелүү калктуу конуштан жергиликтүү кеңешке депутат шайланбаган болсо, айыл башчысы - тиешелүү жергиликтүү кеңештин жыйналыштарына, ал эми тиешелүү айылга тиешеси бар маселелерди кароодо шаардык кеңештин жыйналыштарына кеңеш берүүчү добуш укугу менен катышууга укуктуу.

## VIII. Айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык негиздери

8.1. Айыл өкмөтүнүн фининсылык-экономикалык негизин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергилитүү жамааттарга бекитилген кирешенин салыктык жана бейсалык булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, кредиттик жана башка финансылык ресурстар, ошондой эле кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалу кагаздар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өткөрүп берилген жана жергиликтүү жааматын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канаттандыруу үчүн алардын аймагынын чек арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пайдалануучу жаратылыш ресурстары, ошондой эле тиешелүү аймакта ишти жүзөгө ашыруучу ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

8.2. Айыл өкмөтүнүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен фининсылык жана экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү бюджетти жана бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү жана аткаруу тартиби менен принциптери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

## IX. Айыл өкмөтү жөнүндөгү жобосуна толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

9.1. Айыл өкмөтү жөнүндөгү жобосуна толуктоолорду, өзгөрттүүлөрдү киргизүү жергиликтүү кеңештин чечими менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте киргизилген.

9.2. Айыл өкмөтү жөнүндө жобосу жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

9.3. Айыл өкмөтү жөнүндө жобосуна толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизилген учурда ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик кайра каттодон өтүүгө тийиш.

## X. Айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын токтото туруу

10.1. Айыл өкмөтүнүн Конституцияга, белгиленген тартипте кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка чечимдик укуктук актыларына ылайык келбеген актыларды чыгарууга, конституциялык түзүлүшү жана улуттук коопсуздукка тикелей коркунуч келтирүүчү аракеттерди жасоого, ошондой эле мамлекеттин аймактык

бүтүндүгүн бузууга, улуттар аралык жана диний араздашууну үгүттөөгө жана козутууга багытталган башка аракеттерди жасоого укуксуз.

10.2. Жогоруда көрсөтүлгөн тартип бузуулар жасалган учурда, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Конституциясында, өзгөчө абал жөнүндө конституциялык мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде буга күнөөлү айыл өкмөтүнүн ишин токтото турууга жана соттук чечим чыгарылганга чейин ушул аймакка тикелей мамлекеттик башкаруу киргизүүгө укуктуу. Тикелей мамлекеттик башкаруу киргизүүнүн тартиби жана мындай башкаруунун режими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

10.3. Тикелей мамлекеттик башкарууну киргизүү менен өкмөт анын аткарылышын камсыз кылат жана зарыл болгондо өкмөтүнүн укук ченемсиз актыларын жокко чыгаруу үчүн сот органдарына кайрылат.

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы** **М.Р. Койгелдиев**